**Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасындагы социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертацияга (шифр: 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер) илимий жетекчи социология илимдеринин доктору, профессор Салморбекова Рита Бобуевнанын**

**ПИКИРИ**

Беделбаева Айнура Замирбековнанын тандап алынган темасы жогорку билим берүү тармагында жаңы, эң орчундуу жана келечектүү илимий багыт болуп эсептелинет. Кыргыз Республикасынан жогорку окуу жайларында жалпы европалык билим берүү системасына кирүү жана стандаштыруу боюнча орчундуу маселелер ишке ашырылууда. Дүйнөлүк деңгээлге чыгуу үчүн жогорку билим берүү Болон процессине өтүшү талаптандырылат. Кыргызстан 2012 – жылдан тартып Болон процессине толугу менен өтүүнү кабыл алып, азыркы убакта кыйынчылыктарга карабастан ишке ашууда.

Кыргызстанда чет өлкөлүк билим берүү дипломдорун жана Болон декларациясына мүчө мамлекеттердеги кыргыз дипломдорун таануу көйгөйү жаралып, билим сапатын жогорулатууга чоң түрткү берди. Ал башка өлкөлөрдө таанылган бир катар жалпы принциптерге негизделиши керек. Студенттерди сапаттуу билим берүү продукциясынын эң кызыкдар керектөөчүлөрү катары тартуу менен, ошондой эле иш берүүчүлөрдүн жана кесиптик жамааттардын бүтүрүүчү адиске берген баасын эске алуу менен университеттин ичиндеги тиешелүү тутумду түзүү, сертификаттоонун жана сапатты контролдоонун негизги принциптеринин бири болуп калууда.

Диссертацияда дүйнөлүк социологиянын парадигмалары аркылуу коомдогу жогорку билим берүү көйгөйлөрүн илимий ыкмаларга таянуу менен социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Айрыкча, изденүүчү алгачкы маалыматтарды чогултуу боюнча документтерди талдоо, коомдогу

өзгөрүлөрдү байкоо, эксперттик жана массалык (магистранттардан) интервьюларды жүргүздү. Чогултулган алгачкы маалыматтарды 100 экспертти камтыган сурамжылоо, 400 магистрантты камтыган массалык сурамжылоо жүргүзүдү. Изилдөөнүн жыйынтыктары алынган жооптор SPSS-24 программасында иштелип чыкты жана Google Forms программасында талданган.

Диссертант алынган тема менен 2012-жылдан бери эмгектенип келет. Диссертация негизги чоң үч бапты камтып, социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктарын кеңири мааниде чечмелеп, официалдык маалыматтар менен салыштырып, илимий талдоого аракет жасаган. Алынган маселени теориялык жактан гана чагылдырбастан, жашоо-турмуштагы тажырыйбалык жактан дүйнөлүк үлгүлөрдүн азыркы учурдагы Кыргызстандын абалына тийгизген таасирлерин дыкаттык менен талдап, келечекке маанилүү сунуштарды бере алган, алынган жайынтыктарынын илимий жаңылыгы, анын тажырыйбалык, экономикалык мааниси жана негизги жоболору аргументтүү, өз алдынча бир илимий ойдо калыптанылып жазылган эмгек.

Беделбаева Айнура Замирбековна өз мөнөтүндө сапаттуу илимий диссертациялык ишти аяктап, аталган темада тажырыйбалуу, кесипкөй адис. Көп мезгилден бери талыкпай илимий изилдөөсүн жүргүзүп келүүдө жана бүгүнкү күндө диссертациянын темасы боюнча 14 илимий макала жарыялап, анын ичинде 4 макаласы чет өлкөдө жарык көргөн. Диссертанттын өздүк салымын белгилей кетсек, социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонуу менен изилдөө жүргүзүү, алынган жыйынтыктарды SPSS-24 программасында иштетүү жана талдоо, билим берүү сапатын жогорулатууну алдын алуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана аны жайылтуу, иш жүзүнө ашыруу, изилдөөнү каржылоо, социология илимине чоң салымын кошту.

Диссертацияда изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, Болон процессин ишке ашыруунун зарыл шарты - студенттердин жана чет тил мугалимдеринин билимисиз мүмкүн эмес болгон кеңири эл аралык алмашуу. Англис тили расмий тил болбогон Европанын көптөгөн мамлекеттеринде

интернационалдаштыруу алкагында англис тилиндеги модулдар алгач университеттерде, андан кийин бүтүндөй билим берүү программаларында пайда болгон. Чет тилдерин билүү чет элдик изилдөө, окуу материалдары жана башкалар менен таанышуу үчүн дагы зарыл. Автор белгилегендей, ар кандай билим берүү реформасы административдик чараларды гана эмес, баарынан мурда, жаңы материалдык жана адамдык ресурстарды тартууну камтышы керектигин аныктады.

Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» аттуу диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын коюулган талаптарына толугу менен жооп берет. Диссертациянын мазмуну авторефераттын мазмуну менен дал келет. Автор социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга окумуштуу катары калыптанды жана диссертациялык ишти сапаттуу аяктады. Беделбаева Айнура Замирбековнанын диссертациялык ишин атайын Диссертациялык Кеңеште эл алдында коргоого сунуштайм (22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер).

**социология илимдеринин**
**доктору, профессор** **Салморбекова Р.Б.**

профессор Салморбекова Р.Б.
кол тамгасын тастыктайм,
менеджер Акматова А.
21.10.2020-ж.